УДК 330

# ЖАҢЫ ИЙГИЛИКТЕРДИ ЖАРАТЫШЫҢА ТИЛЕКТЕШМИН!

**Алымкулов К.**
Инженерная академия, Бишкек, Кыргызстан, eakr.info@gmail.com

***Аннотация***: *Дана жизнедеятельность в кругу друзей академика Ш.Мусакожоева.*
***Ключевые слова:*** *горы, друзья, ручья, односельчане, детство, отрочество.*

# I WISH YOU GOOD LUCK!

**Alymkulov K.**
Engineering Academy of the Kyrgyz Republic, Bishkek, Kyrgyzstan

***Annotation:*** *Life activity in the circle of friends of academician Sh. Musakozhoev is given.*
***Key words:*** *mountains, friends, of the stream, fellow villagers, childhood, adolescence.*

Убакыттын бир гана чени бар, ал эс тутум. Бүгүнкү болуп жаткан окуяларды, жетишкен ийгиликтерди, адам менен жаратылыштын ортосундагы мамилени карап отуруп, өтүп кеткен жомок, легенда сыяктуу уламыштарга таң бербей кое албайсың.

Илгери, мындан чамасы 350 жыл мурун, азыркы Жумгалдын Базар-Турук деген жеринде Түгөл деген акылман, бай киши жашаган экен. Ал өмүрүндө бирөөнүн мээнетин жебестен адилет, жоомарт пейили менен эч кимди нааразы кылбай өтүптүр.

Кийинчерээк, Түгөл бай иниси Куртка менен тууган таарынычтын айынан солтодон чыккан Чаа бийге кайрылып, жылкыларын Талас өрөөнүнө, калган малынын баарын Чүйгө айдап көчүп кетет. Ошол сан жылкынын ичиндеги Шарпкула аттуу тулпарын Түгөл бай Олуя-Атаны жердеген кыргыз-кыпчак, казак элдеринин ханы Эшимге тартуулаптыр. Түгөл байдын өзүнүн айтуусу боюнча ал кайыптан бүткөн жаныбар Базар-Туруктун гана суусун ичип чоңойгон экен. Жайында кайсы жайлоого чыкпасын, атүгүл Сон-Көлдөн да кечке жайытта оттоп жүрүп, кечинде Базар-Туруктун суусун келип ичип, суусун кандырчу тура.

Шарпкуланы эр Эшимдин сынчы саяпкери Байгазы үч жыл баралына жеткенче багып, анан бир жыл таптап, ошондон кийин гана Эшим ханга жоого минүүгө ыйгарыптыр. Шарпкуладан сыны-көркү келишимдүү, айчылык жолдо арыбаган, эл оозуна алынган теңдешсиз тулпар чыгат.

Кыргыз эл жазуучусу маркум Асанбек Стамовдун жазып кеткен бул тарыхый баянын азыркы доор менен байланыштырып турган нерсе Базар-Туруктун тоодон көбүрүп-жабырып кулап түшкөн акактай тунук суусу. Суусуз турмуш жок экени баарыбызга белгилүү аксиома. Бирок бардык эле Суулардын касиети бирдей эмес. Ушул өңүттөн алып караганда Базар-Турукту, элет сырттаны – Мусакожонун атынан коюлган азыркы айылды аралап өткөн суунун өзгөчө-бир касиети барбы - деп ойлойм. Анткени аталган айылдан, анын суусун ичкен адамдардан чыккан Түгөл байдай акылы терең, колу берешен, эл ичинде кадыр-баркы артык азаматтар, Шарпкуладай атагы алыска угулган тулпар сындуу күлүктөр аз эмес. Алардын бири кыргыз элинин атактуу окумуштуусу, кыргыз мамлекетинин накта гражданини – Шайлобек Мусакожоев.

Турмушта ийгиликтин жолу жылдар аркылуу өтөт, ал узак, оор түйшүктүү эмгекти талап кылат. Алдыга койгон максатыңа жетиш үчүн кылган ишинди жеткире өздөштүрүүгө жетишсең гана эл сенин ийгиликтериңе суктануу менен карашы мүмкүн, ошондо гана сен сансыз мүмкүнчүлүктөргө ээ болосуң.

Шайло менен алтымыш жылга жакын үзөңгү кагыштыра жол арыткан өмүр сапарыбыздагы анын илимпоз, жетекчи, коомдук ишмер, андан калса адам катары жетилгендиги менин көз алдымда өттү десем жаңылышпаймын.

Мурда бири-бирибизди жакшы билип жүргөнүбүз менен, 1961-жылы Ленинградга аспирантурага окууга келген күндөн баштап өтө ынак достордон болуп кеттик. Адистигибиз жана кесибибиз ар башка болгону менен турмушка болгон көз карашыбыз, жашоого карай умтулуубуз бирдей болгондуктанбы, ымала-ырыскыбызды ширеткен кыйышпастыкка жеттик. Биз оболу ал жакта кесиптик жана гуманитардык билимиздин боштугун толтурууга жан алакетке түшүп жүрдүк. Мында алтымышынчы жылдардын башында Кыргызстандан Ленинградга келген аспиранттардын: Асан Абетеков, Сүйүнбек Ибраимов, Салморбек Жакыпов ж.б. ичинен Шайло илимий ийгиликтерге эрте жетишти. Вознесенский атындагы финансы-экономикалык институтунда күнү-түнү дебей тырыша иштеп, өзүнүн кандидаттык диссертациясын коргоого мөөнөтүнөн мурда тапшырды. Кандидаттык илимий даражасын коргоодо ал өзүнүн темасын терең билгендиги менен окумуштуулар кеңишинин мүчөлөрүн жөн эле суктандырган болчу. Ал мезгилдеги Москва, Ленинград шаарларындагы жогорку окуу жайларынын жана илим изилдөө институттарынын окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнүн билим деңгээлинин бийиктиги жөнүндө сөз кылуу менен бирге жаңы илимий муундарга аяр мамиле жасап, ошол эле учурда алардын илимий келечегине кам көргөнүн баса белгилеп айта кеткен оң.

Шайло Кыргызстанда иштеп жатканда да өзүнүн илимий темасынын консультанттары менен байланышын үзбөй үзүрдүү кызматташып жүргөндүктөн Ленинград мамлекеттик университетинде докторлук диссертациясын жактаганга өбөлгө түзүлгөн. Мында да мен анын күбөсү болуп, Шайлонун улуу Совет өлкөсүндөгү “менмин” деген экономист илимпоздор менен теңтайлаша турган адис экенине толук ынанганмын. Анда мен өнөр жай ишканаларын түздөн-түз тейлеген, СССРдин электротехника министрлигине караган тармактык илим-изилдөө институтунда директор болчумун. Жаңы технологияларды жана техниканы илимий негизде иштеп чыгуу менен гана алек болбой, машина куруу заводдорунун өндөрүшүн даярдоого, көптөгөн инновациялык тапшырмаларды чечүүдө, ошол мезгилде, ошол системада экономикалык илимдин өнүгүшүнүн негизги моменттерин түшүнүүгө мүмкүнчүлүк алган элем. Сөздүн ачыгын айтканда, Шайлонун ишине да, иштермандыгына да суктанчумун. Бактыга жараша ал өзүнүн илимий ишин ийгиликтүү улантып, өлкөбүздө бирден-бир күчтүү окумуштуу экенин даилдей алды.

Шайлонун айрыкча илимпоз жаштарды өзүнө тарта билген адамдык сапаты узун сөз кылууга арзыйт. Азыркы учурга чейин талыкпай, ташыркабай илимий кадрларды даярдап, 50 дөн ашык илимдин кандидатын, 20 дан ашык илимдин докторун чыгырганы эмне деген эрдик, эмне деген деңгээл.

Бир учурда элет жеринде туулуп өсүп, этика боюнча китептерди колуна кармап көрбөй, өзүн кандай алып жүрүү боюнча жол-жобону таптакыр билбей-укпай туруп, табыгый интеллигенттиги менен мени таң калтырып келди. Ал борбордогу университетте билим алып андан кийин Ленинградда жашап, окуган учурда орус жана дүйнөлүк адабиятка, живописке, архитектура жана музыкалык маданиятка тим эле жуурулушуп калгандай мамиле кылып жүрдү. Музейлер, көргөзмөлөр, концерт жана спектаклдерди көрүүдөн жадачу эмес. Албетте, мына ушулар анын табыгый акыл-эсине, ички интеллектисине олуттуу таасирин тийгизди. Бүгүнкү күндө анда Расстрелли, Кваренги, Монферан, Россинин архитектуралык чыкгармалары, орус живописинин түзүүчүлөрү – Рублев, Кипренский, Брюлловдун, Россиянын классик музыканттары – Чайковский, Бородиндин чыгармачылыгы, бардык маанилүү адабий эстеликтери жөнүндө узун сабак сөз кылар өзүнчө кенч жатат.

Өмүр сапарындагы өзүнөн элине жасаган пайдалуу иштери боюнча Кыргызстандагы азыркы илимий чөйрөнүн арасында Шайлонун илимге сиңирген эмгеги өзгөчө орунду ээлейт. Анын жетишкен ийгиликтерине бир эсе таңдануу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер академиясынын корреспондент мүчөсү, Инженердик академиянын академиги, профессор Шайлобек Мусакожоев бүгүнкү күндө да каруу күчүнөн тайбай, келечекти көздөгөн үйүлгөн илимий пландарга карк экенин баса белгилеп айткым келет.